3. Смирнов С.А. Методика литературного чтения. – Москва: Учпедгиз, 1950, 43-б.

4. Даутов К. Тарыхый романдын тагдыры // Мезгил сыны жана мен. – Бишкек: Бийиктик, 2004, 310-б.

5. Тилекова Н.Д. Классикалык чыгыш адабиятынын үлгүлөрүн интеграциялап окутуу // Наука, новые технологии и инновации, 2015, №3, 199-203-б.

6. Тилекова Н.Д. Тарыхый темадагы драмалардыокутуунун заманбап технологиялары // Эл агартуу, 2022, №11-12, 2-5-б.

7. Чо Ха Ген, Карабалаева Г.Т. Азыркы мугалимдин педагогикалык ишмердүүлүгүнүн процессинде инновациялык мамилени колдонуу // Вестник КНУ, 2023, №2 (114), 269-273-б.

УДК 801.8
DOI 10.58649/1694-8033-2024-2(118)-81-87

**Турдубаева Н.Ш.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ
**Турдубаева Н.Ш.**
КНУ имени Ж. Баласагына
**Turdubaeva N.Sh.**
KNU named after J. Balasagun

# ЖЕР АТТАРЫ ТАРЫХТЫН КҮБӨСҮ (КЫТАЙ КЫРГЫЗДАРЫНЫН ИЗИЛДӨӨЛӨРҮНДӨ)
# ГЕОГРАФИЧЕСКИЕ НАЗВАНИЯ – СВИДЕТЕЛИ ИСТОРИИ (В ИССЛЕДОВАНИЯХ КИТАЙСКИХ КЫРГЫЗОВ)
# PLACE NAMES ARE WITNESSES OF HISTORY (IN STUDIES OF CHINESE KYRGYZ)

**Кыскача мүнөздөмө:** Макалада Кытайдын Кызылсуу Кыргыз автономиялуу облусунда 200 миңге жакын адам жашаган кыргыздардын конуштарынын аталыштары каралат: Энесай, Тибет, Араник, Үч-Турфан, Ташкоргон, Кашкар, Артыш, Ак-Суу, Каражул, Манас району, Какшаал, Чоң-Инген, Хине. Бул географиялык жерлердин аттары элдик уламыштар менен кандайча салыштырылганы жөнүндө кыскача маалымат берилип, алардын мааниси бүгүнкү күнгө чейин сакталып калгандыгы макалада келтирилген фактылар менен далилденген.

**Аннотация:** В статье исследуются названия населенных пунктов кыргызов, проживающих в Кызылсуйском Кыргызском автономном районе Китая в количестве около 200 тысяч человек: Энесай, Тибет, Араник, Уч-Турфан, Ташкоргон, Кашкар, Артыш, Ак-Суу, Каражул, Манасский район, Какшаал, Чон-Инген, Хине. Приведена краткая информация о том, как названия этих географических мест сопоставляются с народными легендами. рассказанными народом, их значение сохранилось и сегодня, о чем свидетельствуют приведенные в статье факты.

**Abstract**: In the mentioned article, in the research written on the names of the places of the Kyrgyz people, who live in Kyzylsuu Kyrgyz Autonomous Region of China, about 200 thousand people, Enesai, Tibet, Aranik, Uch-Turpan, Tashkorgon, Kashkar, Artysh, Ak-Suu, Karazhul, Manas region, Kakshaal, Chon Ingen, Khine. Brief information on how the history of places like

Ingen is compared with popular legends and explained by local researchers is provided. Observing that the history of each place's name was written through legends told by the people, their meaning has been preserved today.

**Негизги сөздөр:** кытай кыргыздары; топонимдер; уламыш; ак калпак; топонимика; эпос; улуттук.

**Ключевые слова:** китайские кыргызы; топонимы; легенды; ак калпак; топонимика; эпос; национальный.

**Keywords:** Chinese Kyrgyz; toponyms; legends; white hat; toponymy; epics; national.

Кытай мамлекетинин кыргыз профессору, кыргыз элинин көрүнүктүү окумуштуусу Мамбеттурду Мамбетакун “Кытай” деген аталыш эл арасында көнүмүш катары айтылып калганы менен алардын чыныгы аталышы “Жуңго” деп эсептеп, өзүнүн изилфдөөлөрүндө “Жуңго кыргыздары” деп жазып, ал пикирди профессор Сулайман Кайыпов 2021-жылы 9-февралда «Улут наркы – улуу тил» телеберүүдө «Кызыл-Суу кыргыздарынын тили» деген аталыштагы телеберүүдө колдоп, өзүнүн изилдөөлөрүндө Кытай кыргыздары деп жазбастан, Жуңго кыргыздары деп жаза баштаганын өз пикиринде билдирген. Бирок Жуңго кыргыздары деп атаганда, орус тилине которгон мезгилде так которулбай калат экен. Ошол багытта Кытайдагы кыргыздар деп атоону туура көрдүк. Бирок Кытайда жашаган кыргыздар өздөрүн Ала-Тоонун чыгыш жагындагы кыргыздар, ал эми Кыргызстандагы кыргыздарды Ала-Тоонун батыш жагындагы кыргыздар деп атоону туура кабыл алышат. Бизди Россиянын составына кошулган кыргыздар, өөздөрүн Кытайдын составына кошулган кыргыздар катарында изилдөөлөрүндө жазып келишет[Толкун Турду, 2011: 342].

Кытай мамлекетинде жашаган кыргыздардын саны азыркы күндө 200 миңге жетти. Бул кыргыздардын жайгашкан жерлери негизинен Шинжаң Уйгур автоном районунун 16 шаарды камтыган. Ал эми Кызыл-Суу Кыргыз автоном областындагы төрт район, бир шаар, эки айыл кирет. Артыш шаары, Акчий, Улуу-Чат, Актоо, Келтайлак оодандары (райондор), эки айыл: Каражүл, Тегирмети жана Жаңысар, Ташкоргон, Тажик автоном оодандарынын Көкжар Кыргыз улуттук айылында, Хотен аймагы, Гума ооданынын Кеңкыр Кыргыз улуттук айлында, Каргалык, Жеркен, Бай, Үчтурпан, Текес, Моңгулкүрө, Дөрбүлжүң, Чапчал Шибе автоном оодандарында жайгашкан. Мындан башка чыгыш-түндүктөгү Хыйлоңжяң өлкөсүнүн Фуйү ооданында 600дөн ашуун кыргыздар жашайт. Хыйлоңжяңда жашаган кыргыздардын тили Шинжаң кыргыз тилдерине окшобой турган айрым бир тил менен сүйлөшөт, алардын тили Россиядагы хакас тилине жакын деп божомолдоп келишет.

Кытай кыргыздарынын да жайланыш жерлери боюнча эл арасында ар кандай аңыздар айтылып, азыркы күндө да актуалдуулугун жоготпой жашап келет. Эң өкүнүчтүүсү, Кытай мамлекети менен Кыргызстандын чек арасында, же таштактуу жерде кыргыздар жашап калганы. Бирок алар таштак жерлерде жашап калдык дебестен, жер – жерлердеги улуттук баалуулуктарга баа берип, аларды Кытай саясатында өсүп келе кыргыз жаштарына сабак балсун деп, 3-кабаттан турган чоң боз ак үйдөн маданият үйүн Улуу-Чат ооданынын так ортосунда орнотуп, алар белгилүү манасчыларга арналган музей уюштуруп, көчөлөрүндө чүкөнүн формасына салынган таштан жасалган ар түрдүү боектор менен коолдолгон отургучтарды орнотуп коюшканы бизди таң калтырды.

Улуттук баалуулуктар кыргыз эли жашап турганда эч убакта наркын кетирбей каларын байкадык. Мындай улуттук баалуулуктар кыргыздардын жашаган жерлеринин

аталыштарында да сакталган. Негизинен, жергиликтүү элдердин жер аттарында сакталган аңыздарды жалпы журт эли билгендей сезилди. Жалпы илим чөйрөсүндө, жер аттары түрк элдеринин жаралышын, алардын тарыхтагы калыптанган ордун, мезгилин, жашоо шарттарын терең изилдөөгө жардам берүү менен алардын азыркы учурдагы аталыштарынын келип чыгыш тарыхын туура аныктоого жардам берет. Бул маселенин илимий жактан жалпылап атаганда – топонимдер илими деп атайбыз. Жер жүзүндө ар улуттун элдери жайгашып, өздөрүнүн улуттук өзгөчөлүктөрүнө ылайык жерлерге калыптанып, ал жерлерге улуттук тили аркылуу аттарын берип келишкенин тарыхый изилдөөлөр менен булактар далилдейт. Ошол максатта, аталган макаланын мазмуну Кытай Эл Республикасында Кызылсуу кыргыз автономиялуу областында жашаган кыргыздардын изилдөөлөрүндө жергиликтүү жайгашкан жерлеринин аттарынын аталышы тууралу аңыздарды чечмеленип берүүгө багытталат. Буга чейин илимий изилдөөлөрдө кыргыз деген аттын чыгышы тууралуу, Жүсүп Мамайдын вариантында айтылган жер аттары тууралу жазылган макалалар жарыяланган [К. Айдаркулов, 2016: 379-382]. Бирок ал изидөөлөрдө көбүнчө эпостогу айтылган жер аттары тууралу гана жазылган. Ал эми азыркы коомунда аталган шааарларынын аттары тууралу иликтөөлөр жарыяланган эмес. Бир гана белгилүү изилдөөчү, “Манас” эпосун жаздырууга жана басмага даярдоодо зор күчүн жумшаган окумуштуу Асанбай Матилинин “Кырлар жок кыргыз ашпаган...”аттуу макаласында:

“Энесайдын боюнда, Калаймандын доорунда”[Асанбай Матили, 1994:7], – деген “Манас” эпосундагы саптардын мааниси, бул Энесайдагы Калаймандын хандык доору өтүп, ал учурда кыргыз элинде өнүккөн алтын доор келип, ал мезгилде кыргыздар кен казуу, темир эритүү, үй буюмдарын жасоо сыяктуу маданият доорун сүргөнү тууралу айтылган. Азыр дагы илим чөйрөсүндө кыргыздардын алтын доорун Энесайдын боюнда жашаган жерлерин белгилеп беришет. Энесай кайдан келип чыккан аталыш деген ойго келген учурда, ар түрдүү көз караштар кездешерин окуп келебиз. Айрымдары суунун аталышы Енисей деп географиялык жактан белгилеп беришсе, ал эми эл арасында мындай уламыш бар. Аталган уламыш “Эне-Сай баяны” деп аталып, 1998-жылдары Сокулук районуна караштуу Арал айылында 1921-жылы төрөлгөн Узакбаев Астаркул деген ардактуу эл алууда жашаган адамдан студент Асаракунова Айзада жазып алган [Асаракунова Айзада, 1998:№1(760)] Анда мындай деп жазылган. Качандыр бир кылымда ээн дайранын жээгинде кыргыз аттуу эл жашаптыр. Эне Сай деген дайранын боюнда өмүр сүрүп, аларды Эне Сейде деген эне башкарыптыр. Эркектер жалаң кийик улашчу экен. Аялдар жеринен кийим жасап, керектүү буюмдарды токушчу экен. Эне Сейде эр жигиттерди баатырдыкка, тайманбастыкка үйрөтчү экен. Эс алганда бөрүнүн дөбөтүн тирүүлөй ноктолотуп келип, аттарга жигиттерди жайдан мингизип, анан тарттырчу экен. Ошондон жанагы көк бөрү оюну калыптыр дешет. Эне Сейде көк бөрү тартууну кыргыздарга тараткан эне болуптур. Күндөрдүн биринде Эне Сейде кыз төрөйт. Ал кыз айдан ай өтүп, жыл артынан жыл чубап, бир сайдын боюнда бейпил турмушта чоңойо берет. Эне Сейде кызына жаа тартканды, амал тапканды абдан үйрөтүптүр. Он жашында ал кыз көзгө атаар жаачы, акыл тапкыч амалкөй болуп чыгат. Ошол кезде, Эне Сейденин боюна бүтүп, Алп кара куштун жүрөгүнө талгак болот. Алар тоого көчөт. Тоо мекендеп жүрүү ошодон калган дешет. Күндөрдүн биринде тоо тараптан бир Алп кара куш дайрага келип суу ичип жатканда баягы кызы жаа тартып, Алп кара кушту өлтүрөт. Ошондо, Эне Сейде кызынан аны кантип атканын сураса: – Аркар куштан аркар кутулбайт, – деп жооп берген экен. Анан бул сөз макалга айланып кетиптир. Эне Сейде эгиз бала төрөптүр. Экөө абдан окшош болушат. Эне ошолордон кийин көп узабай эле каза болот.

Ал тирүү кезинде эки уулуна бири ак, бир кара калпакты кийгизет. Калпак жасаганда да, ошол энелер ойлоп табышкан экен. Кийин уруш чыгып, элдин тынчы кетет. Ак калпактан азыркы кыргыздар, кара калпактар азыркы кара кыргыздар таралыптыр. Анан ак калпак менен кара калпак уулдун уулу деп, Саймалы ташка таштан эстелик тургузуп, жазуу жаздырып, өздөрү жоголгон энесин издешип, бири тоодо, бири жакага түшүп кетиптир", – деп айтылган. Мындай караганда уламыштын бир багытына жооп берет. Бирок Энесай деген жер, адегенде Эне Сейде аталганы окурмандардын назарын тартат. Демек, уламыштын мазмунуна карганда Энесайдын алгачкы аталышы эненин аты экен. Анын ар бир төрөгөн перзентинин тарыхый мааниси бар экенини байкоого болот. Уламышты улай ошол доордо Каңгыт деген тоосу, Кардык деген токой болгонун, бул тоону, токойду араласа карыгыча жол таппагандыктан, ал жерлерге кирсек эле карыйбыз, же Кардык болуп аталып калганын Асанбай Матили макаласында белгилеп берет [Качкынбай Артыкбаев,1994: 334]. Эң кызыгы байыркы кыргыздар адырды дөктөр деп атаган экен. Кытайда Каражүл айылында жайгашкан Чоң Инген жана Кичине Инген деген жерлер бар. Алардын аттары тууралуу да төмөндөгүдөй уламыштар бар. Бул жерлер тоолор болуп эсептелет. Ал тоолор кең тоолор болуп, жел жүрсө, ал эми доош чыкса жаңырыгы тайлактай боздоп турат", – деп чоң тоону Чоң Иңген, кичине тоону Кичине Иңген деп аташат.

Кытайдын түштүк-батышында Тибет автономиялуу району катары 1965-жылы түзүлгөн. Тибетти "күн тийбет" деп атап, бара-бара "күнү"деген сөз жоюлуп, ал жер малчылыкка, жашоого ыңгайсыз болгондуктан, ал жерди "тийбейт, тийбес эл" деп атоого өтүшүп, замандын улам узарып, элдердин оозеки сүйлөсүнө байланыштуу "Тибет" деп аталып калганы тууралу изилдөөлөр жана аңыз сакталып калган. Бул маанинин сыңарындай Актоо (Кебестоо), Ташкоргон сыяктуу сөздөрдөн "Актоо" – Тоонун актыгы, "Ташкоргон" – таштан жасалган коргон деген мааниде чечмеленет. Кыргызстанга белгилүү Анжыян шаары тууралу да "Манас" эпосунда, Жүсүп Мамайдын вариантында жазылган. Көрсө, Анжыяндын алгачкы аталышы – Араник деп аталган экен. Манас "Каңгайдан Араникти тартып алганда Анжибиздан келген жер дешип, Анжыдан деп ат коюшат, кийинчирээк маани жагы унутулуп, тыбыштык жагынан да бузулуп, Анжиян деп аталган. Ошол жерде эле Артыш шаарынын аталып калышы, ал шаарга ар туштан келип кошулган жол деген мааниде, Үчтурпан – эки аңыз аркылуу берилгенин, Ак-Суу – Азык деп, аны дыйкандар атаганы, Манас баатырдын Манас оодань деп аталганы, Манасты хан шайлаган учурда коюлганы, Алтай деген сөз – жылкылардын тукуму жакшы чыгат, күлүк болот, керек болсо тай ала турган жер деп отуруп, "Ал тай" деген даңаза тарап, Алтай аталганы, кенже эпостордогу жерлердин аталыштары аңыздардын мисалында чечмеленет. Ар бир жердин аталышында Кытай кыргыз элинин тарыхый калыптануусу жана алардын бүгүнкү күндөгү мааниси менен кошо мисалдар берилет. Ошону менен бирге Кытай кыргыздарында "Манас" эпосундагы айрым каармандар аркылуу да жерлерин атап калган изилдөөлөр да бар. Жүсүп Мамайдын вариантында Келтайлак деген кумдун пири Кумаданын куутайлагы Алманбетке кабылып, ошол Келтайлак жайытынын башы кум жерге калат. Эпосто Алмамбет душманын жеңип келип: Келтайлак деп бакырса, куутайлак букулдап, энесин көргөндөй чуркап келет. Ошону менен "Келтайлак" аталып калган экен. Бул Кел-Тайлак жери Артыш шаарына жакын жер. Бул жердин аталышын Калил уулу Асан "Жуңголук кыргыздар" деген эмгегинде Жүсүп Мамайдын вариантынан үзүндү келтирүү менен дагы бир багытты берет. Аталган эмгекте:
"Кел тайлагым, кел деди,

Сыргактын үнүн укканда,

Боздоп ийип букулдап,
Эки өркөчүн койкойтуп,
Жетип келди чукулдап,
Тайлак келген бул жерге,

Кел-Тайлак деп ат койду", – деген үзүндүнү келтирип, Кел-Тайлак жеринин аталып калышынын маанисин түшүндүрүп берсе [Халил уулу Асаналы, 2017: 6, 65], ал эми окумуштуу Мамбеттурду Мамбетакундун туулган жери Тегирмети чоң айылы тууралу жазылган мындай маалыматы да берген. Тегирмети Шинжаң Кызылсуу кыргыз автоном обласында жайгашкан чоң айыл. Ал айылдын аталышы да Кыргызстандагы Кемин районундагы Тегирмети деген айылдын атынан аталып калган деген пикирлер бар. Көрсө, Кыргызстандан илгери бир ата эки уулун ээрчитип Тегирметиге келип отурукташып, "Бул жердин атын эмне деп коебуз?", –дегенде: "Өзүбүздүн Кемин жактагы Тегирмети айылыбыздын атын коелу", – дешип, анан Тегирмети коюлуп калган дейт. Ал эми ал абышка менен ээрчип келген балдар Мамек, Намек, Сейит деген бир туугандар болуп өткөн экен [6, 120-б.]. Ал жерде жашаган азыркы кыргыздар "каттайлак" деген сөз дешет. Азыркы учурда Кытай Келтайлак ооданы деп аталган жери бар. Үч-Турпан деген жердин аталышы тууралу эки аңыз эл арасында жашайт. Биринчи мааниси, бул Үч-Турпан деген сөздүн мааниси үч-актарма аталып, эл болуп жаралгандан бери жер бетинде канчалаган өзгөрүүлөр болуп, тоолор чөгүп, деңиз болгон экен. Ошол заманда Турпан баласы болгон имиш. Суулар агып, жерлер, адырлар жок болуп, бийик тоодон кырк кез ашык суу каптаган. Ошондо пайгамбарды кемеге салып, Ажымулук деген көк тиреген бою бар адам кемени түртүп, айдап жүргөн деген аңгемелер араптан таралганы менен байланыштырып, ал жерде тараган кыргыздар үч ирет турпан баласы болду деп, Үч-Турпан койгон дешсе, экичисинде Үч-Турпандын дагы бир аты "Таш тура"деп атлаган экен. Бул аттын коюлушу Курманбек баатырдын аты менен байланыштырат. Курманбек баатыр Үч Турпанды мекендеп жашаган. Ал жерге шаар салып, коргон соктурган, бүгүн да ошол коргону бар. Курманбек Кашкар ханы Акканбек менен достошкондо аңгемелешип, сырдашып отурганда "Менин да алтын ооз калаам бар, сейилдеп конок болуп кел" деп чакырат. Кийин Алмамбет келсе, шаарынын дарбазасы алтын эмес, дарбаза орнотулган эки жагы таштай кыналган адаттагы дарбаза экен. Аны көргөн Акканбек: "Алтын эмес, таш тура", – деп айтат. Ошол Алмамбеттин сөзү менен Үч-Турпан "Таш тура" деп, көп жылдары аталып келген экен. Мындай жерлердин аталыштыры тууралу уламыштар дагы уланып, Кашкар деген байыркы шаардын уламыштагы аталыш боюнча Кашы кара деген мааниде, анткени, Кашкарга киргенде эле кашында эле кебез тоонун музу кашкайып турганына байланыштуу аталып калган. Бул шаарда Курманбектин досу Аккандын жайы бар экендиги тууралу профессор Качкынбай Артыкбаев 90-жылдары Кытай кыргыздарына барган кезде: "27-июлда түштөн кийин Кашкарга бардык да, аппак кожонун күмбөзүнө зыярет кылдык. Аны Аккан кан деп аташкан экен. Кадимки Курманбек баатырдын досу Аккан кан дешти. 1640-жылдарда хан болгондугу күмбөздүн кире бериш дубалында жазылып турат", – деген эскерүүсү бар [4, 167-б.]. Демек, Курманбек тарыхый жашап өткөн баатыр болсо, анын досу Аккан кан дагы тарыхый орду бар адам экен. Анын күмбөзү Кашкар шаарында коюлуп калышы менен шаардын аталыш маңызы окурмандардын назарын өзүнө тартат. Ошону менен Үч-Турпан чөйрөсүндө Жылкы дөбө, Ак-Жар, Кулчулук, Итталаган деген жерлер бар. "Курманбек" эпосунда Курманбек баатырды маңгулдар жалгыздатып, жарадар кылган кылып, таштаган жер "Итталаган" жери деп аташат. Буларды улай Манас ооданы деген жер бар. Бул Манасты хан көтөргөн кезде

коюлган экен. Манастын кырк чоролорунун бири Кутунай кийин бий болот. Мансап аты менен Кутубий деп аталып калат. Эпосто Манас шаарын салдырып турган кезекте чоронун бири Кутубий Манас шаарына чукул жерде турат. Ал жерди Кутубий деп аташат. Эпосто мындай деп айтылат:

Чаңкап жаткан талаага,
Манас аттуу шаар салып.
Айжаңжуңдун бир шаары,
Кутубий деп аталып.
Чалкыган көлү бар эле,
Кылымдар бою тунбаган,
Алды терең көл эле,
"Асманга бүткөн көл -бул деп",

"Асман көл"муну деди эле, – деп сүрөттөлгөн. Мындан сырткары, Каражүл деген алакандай жер бар. Ошол жердин аталышы тууралуу ар түрдүү аңыздар, же уламыштар бар. Биринчиси, ал жер жылгын бедедей көгөрүп жаткан жер экен. Ал жер көлөкө түшпөгөн калың токой да болгон экен. Ээн чөлдө адамдар баскандан коркуп, аны Кара жол деп аташып, кийинчирээк гана Каражүл деп аталып калса, экинчисинде, моңголдор Кара жүлдө турганда Каражүлдүн табылгы тоосунан чыккан Туртан баатыр маңгулдар менен салгылашып, акыры сүргөн дейт. Ошондон азыр бейиттер көп болуп, Кара жүлдүк казатта өлгөн моңголдордун өлүгү дейт. Ошол байыркы моңголдор Каражүлдөн жеңилерде Чоң-Көл булагына таар-таарлап кара жүндү шкап, көздү бекитип, үстүнө ылай таштаган имиш. Кийин ал жерди чукуп, "Кара балчык"эмес, "Кара жүн"деп аташып, заман өткөн сайын Каражүл деп аталып кеткенин да эл арасында айтылып калган. Буга удаа Кара жүндүн жайлоосун Айыктык деп аташат, себеби ал жерге жаман илдет менен баргандар жайлоого барса, айыгып кеткен көрүнүштөр эл арасында жашайт. Демек, Кытай кыргыздарынын тарыхында жер аттарын изилдөө менен элдин тарыхын, алардын жайланышын толук билүүгө болот. Бекеринен, жер аттары элдин тарыхы деп айтылбаса керек.

**Колдонулган адабияттар**


1. Толкун Турду. Кыргыздардын адепки адабияты-аңыз // Шинжаң кыргыз адабияты: 30-жылдан тандалган чыгармалар. 1-кара сөз бөлүгү. – Үрүмчү: Шинжаң илим-техника басмасы, 2011, 410-б.
2. Айдаркулов К. "Манас" эпосундагы тарыхый айрым даректер жана байыркы кыргыздар // Жусуп Мамай жана түрк калктарынын эпостору. Баяндамалар жыйнагы. – Бишкек, 2017, 71-75-б.; Чыныкеева Г.Э., Ажыбекова А.Ө. "Манас" эпосундагы топонимдер жана алардын чечмелениши // Жусуп Мамай жана кыргыз элинин манасчылык салты. – Бишкек, 2016, 379-382-б.
3. Матили А. Кырлар жок кыргыз ашпаган... // Zаман Кыргызстан, 1994, 20-26-май, 7-б.
4. Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин кыргыз адабияты кафедрасындагы кол жазма фонду, 1998, №1760-дептер.
5. Артыкбаев К. Көз жетпеген жерге сөз жетет. Китепте: Талант сыры. – Бишкек, 1994, 334-б.
6. Калил уулу Асаналы. Жуңголук кыргыздар. – Бишкек: Улуу тоолор, 2017, 248-б.

7. Абдыкадырова Г.К. Эпосторду окутуунун принциптери, методдору жана ыкмалары // Вестник КНУ, 2023, № 1(117), 71-79-б.